**УДК: 373.2**

***Султангазиева Р. Р.***
*Султангазиева Рахат – магистрант, С. Нааматов атындагы НМУ*

# ПЕДАГОГИКАЛЫК ОКУУ ЖАЙЛАРДА СТУДЕНТТЕРДИН БИЛИМ БЕРҮҮ ТРАЕКТОРИЯСЫН ТҮЗҮҮДӨ СТУДЕНТТЕРДИН ӨЗДҮК ИШ ЖАНА ТЕСТИРЛӨӨ ИШ АРАКЕТТЕРИНИН МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮ

# ВОЗМОЖНОСТИ САМОСТОЯТЕЛЬНОЙ РАБОТЫ СТУДЕНТОВ И ПРОВЕРОЧНОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ ПРИ ФОРМИРОВАНИИ ОБРАЗОВАТЕЛЬНОЙ ТРАЕКТОРИИ ОБУЧАЮЩИХСЯ В ПЕДАГОГИЧЕСКИХ ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫХ ОРГАНИЗАЦИЯХ

# POSSIBILITIES OF STUDENTS' INDEPENDENT WORK AND TESTING ACTIVITIES IN CREATING THE EDUCATIONAL TRAJECTORY OF STUDENTS IN PEDAGOGICAL EDUCATIONAL INSTITUTIONS

***Аннотация.*** *Бул макалада студенттердин билим берүү траекториясын түзүүдө билим берүү сапатын камсыздоодо студентердин өздүк ишинин жана тестирлөөнүн орду жана анын маанилүүлүгү, С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин алдында ачылган орто кесиптик окуу жайлардын жана НМУнун студенттери тарабынан алынган сурамжылоонун жыйынтыгы берилген.*

***Аннотация.*** *В данной статье рассматривается место собственной работы и тестирования студентов и ее значение в обеспечении качества образования при формировании образовательной*

*траектории студентов С. Представлены результаты анкетирования студентов средних профессиональных училищ, открытых при Нарынском государственном университете им. Нааматова и НГУ.*

***Abstract.*** *This article is about the place of individual work of students and testing in ensuring the quality of education in creating the educational trajectory of students and its importance. The results of the survey taken by students of college and NSU named after S. Naamatov are presented.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *студенттин өздүк иши, билим сапаты, тест, тестирлөө, компьютердик тест, бланкалык тест, аралаш тест, окуу порталы*

***Ключевые*** *слова: собственная работа студента, качество образования, тест, тестирование, компьютерный тест, бланковый тест, смешанный тест, образовательный портал.*

***Key words****: individual work of students, quality of education, test, testing, computer test, blank test, mixed test, educational portal*

Жогорку жана орто кесиптик окуу жайларында эң негизги маселе болуп адистерди даярдоонун сапатын жогорулатуу жана адистерде кесиптик компетенцияларды калыптандыруу эсептелет. Билим берүү стандартында ар бир адис фундаменталдык билимдерге, өзүнүн адистигиндеги билгичтиктерге жана ишмердүүлүк билгичтиктерине, жаңы кырдаалдарды чечүүгө зарыл болгон чыгармачылык жана изденүүчүлүк ишмердүүлүгүнө, социалдык баалоо ишмердүүлүк тажрыйбасына ээ болуусу керек. Студент жана окуу жайдын бүтүрүүчүсү программада берилген атайын сабак боюнча билим алып гана тим болбостон, ошол үйрөнгөн билимдерди жана билгичтиктерди колдоно билүүгө, аларды өздөрүнүн изилдөө иштеринде андан ары өнүктүрүүгө аракет кылышы керек. Тигил же бул студент, кандай гана ишмердүүлүк болбосун, өздөрүнүн алган билиминин негизине таянып, өз алдынча жаңы ишмердүүлүктөрдү аткарууга мүмкүнчүлүк алуусу керек.

Жогорку окуу жайларында (ЖОЖ) жана орто кесиптик окуу жайларында окуу процессиндеги аудиториялык жана аудиториядан тышкаркы өз алдынча иштерди уюштуруу, окуу эмгегин түзүү боюнча билимдер студенттердин кийинки окуусунан тышкары, башкача айтканда, жашоосунда колдонууга жана квалификациясынын жогорулашына шарт түзүп берет.

Ошондуктан, студенттер өздөрүнүн кийинки келечегин ойлонуу менен бирге билим, билгичтик жана көндүмдөргө ээ болуу үчүн өз алдынча иш жана ишмердүүлүктүн негизинде максаттарына жете алышат.

«Өз алдынча иш» көп кырдуу жана көп маанилүү, педагогикалык адабияттарда бир гана жолу талкууга алынган эмес, башкача айтканда өз алдынча иштин мааниси өтө көп дегендикке жатат.

Студенттин өз алдынча иши – келечектеги адистин тарбиясы, окуусу жана билими менен байланышкан көп түрдүү ишмердүүлүк. Студенттин өз алдынча ойлонуусунун жана таанып-билүүчүлүк активдүүлүгүнүн негизинде жаралган бардык ишмердүүлүктөрдүн түрлөрү өз алдынча иш менен тыгыз байланышта. Ошондой эле, анын ар түрдүү маселелерин изилдеген окумуштууларыбыз да аз эмес: С.И. Архангельский, М.Г. Гарунов, Е.Я. Голант, Б.Г. Иоганзен, С.И. Зиновьев, А.Г. Молибог, Р.А. Нимазов, Н.Д. Никандров, П.И. Пидкасистый ж.б., алар «өз алдынча иш» терминине көптөгөн аныктамаларды бере алышкан.

Ал эми билим сапатын башкарууда тест жана тестирлөө орчундуу оруңдардын бирин ээлейт. Тест – кеңири алкакты камтыган түшүнүк. Анын колдонуу чөйрөсү бир канчалаган илимдердин айкалышкан жеринде деп эсептелет. Инсандын ички татаал өзгөчөлүктөрүн изилдөөчү каражат катары ал дифференциалдык психология, психотерапия, психодиагностика, психометрия ж.б. сыяктуу психологиянын тармактарында колдонулат. Тест билим берүү системасында окуучулардын билим деңгээлин текшерүү, окуу жайларынын абалын иликтөө, окутуу методдорунун эффективдүүлүгүн баалоо максатында пайдаланылат. Мекемелерге ылайыктуу адистерди тандап алуу үчүн тест кесиптик багытта да уюштурулат. Сыноонун жыйынтыгын чыгарууда, интерпретациялоодо тыкандык менен даярдалган статистикалык метод пайдаланылат.

Студенттик өз алдынча иштин уюштурулушунун жана тесттин азыркы учурдагы абалын аныктоо үчүн биз студенттердин арасында анкета түрүндөгү социологиялык сурамжылоо жүргүздүк.

Социологиялык сурамжылоо төмөнкүдөй максаттарга багытталды:

- студенттик өз алдынча ишке студенттердин мамилесин аныктоо;
- окуу процессине түздөн-түз катышуучу тараптардын бири болгон студенттердин окуу жайдагы студенттик өз алдынча иштин сапатына берген баасын аныктоо;
- студенттик өз алдынча ишин уюштурууну, көзөмөлдөөнү жана баалоону жакшыртуу үчүн жолдорду аныктоо;
- Тестирлөө жөнүндө студенттердин маалыматын иликтөө;
- Тестирлөөгө карата студенттердин психологиялык мамилесин аныктоо;
- Тестирлөөнү даярдоону жана уюштурууну жакшыртуунун жолдорун издөө.

Социологиялык сурамжылоого бардыгы 60 студент катышты. Маселенин толук жана объективдүү картинасын алуу үчүн Нарын мамлекеттик университетинин алдында жайгашкан орто окуу жайларынын мүмкүн болушунча бирдей сандагы өкүлдөрүн катыштырууга аракет кылдык:

Анкетанын «**Студенттин өз алдынча иштөөсүнүн максаты эмне деп ойлойсуз?»** деген 1-суроосуна төмөнкүдөй жооптор алынды:

а) «Студенттин өз алдынча иштөөсүнүн максаты – сабак учурунда алынган билимдерди тереңдетүү» - 31 студент же бардык катышуучулардын 5%ы.

б) «Студенттин өз алдынча иштөөсүнүн максаты – илимий маселелерди өз алдынча изилдөөгө, жыйынтык чыгарууга үйрөнүү» - 26 студент же бардык катышуучулардын 43%ы.

в) «Студенттин өз алдынча иштөөсүнүн максаты – окутуучу өзүнүн жүгүн жеңилдетүү үчүн колдонгон ыкма» - 3 студент же бардык катышуучулардын 5%ы.

«**Сиз окуган жайда студенттин өз алдынча ишин уюштурууну кандай баалайсыз?»** деген 2-суроого төмөнкүдөй жооптор алынды:

а) «студенттин өз алдынча иши жакшы деңгээлде уюштурулган» - 13 студент же бардык катышуучулардын 22%ы.

б) «студенттин өз алдынча иши орто деңгээлде уюштурулган» - 39 студент же бардык катышуучулардын 65%ы.

в) «студенттин өз алдынча иши начар уюштурулган» - 8 студент же бардык катышуучулардын 13%ы.

**«Студенттер тарабынан аткарылган өз алдынча иштердин сапатын Сиз кандай баалайсыз?»** деген суроого төмөнкүдөй жооптор алынды:

а) «Студенттер тарабынан аткарылып жаткан өз алдынча иштердин сапаты жакшы» - 10 студент же бардык катышуучулардын 17%ы.

б) «Студенттер тарабынан аткарылып жаткан өз алдынча иштердин сапаты орточо» - 41 студент же бардык катышуучулардын 68%ы.

в) «Студенттер тарабынан аткарылып жаткан өз алдынча иштердин сапаты начар» - 9 студент же бардык катышуучулардын 15%ы.

**«Интернет-булактарын өз алдынча иште кандай максатта пайдалануу керек?»** деген суроого төмөнкүдөй жооптор алынды:

а) «Интернет-булактарын өз алдынча иште керектүү маалыматтарды алып, өздөштүрүү үчүн пайдалануу керек» - 55 студент же бардык катышуучулардын 92%ы.

б) «Интернет-булактарын көчүрүп алып, студенттик өз алдынча ишке даяр түрүндө кошуу үчүн пайдалануу керек» - 2 студент же бардык катышуучулардын 3%ы.

в) «Интернет-булактарын студенттик өз алдынча ишке пайдаланбоо керек» - 3 студент же бардык катышуучулардын 5%ы.

«**Студенттин өз алдынча ишинин сапатын кантип жогорулатууга болот деп ойлойсуз?»** деген 5-суроонун жоопторунун жыйынтыгы төмөнкүдөй болду:

а) «Көзөмөлдү күчөтүш керек, интернеттен көчүргөнү үчүн же студенттик өз алдынча ишти начар аткаргандыгы үчүн жаза колдонуш керек» - 10 студент же бардык катышуучулардын 17%ы.

б) «Студенттик өз алдынча иштин ролун жогорулатып, студенттерди кызыктыруу керек» - 37 студент же бардык катышуучулардын 62%ы.

в) Жекече сунуштар - 13 студент же бардык катышуучулардын 22%ы.

**«Тестирлөө студенттердин билимин так аныктап бере алабы?»** деген суроонун жооптору төмөнкүдөй болду:

а) «Ооба, тестирлөө студенттердин билимин так аныктап бере алат» - 16 студент же бардык катышуучулардын 27%ы.

б) «Жок, тестирлөөдө лотерея сыяктуу күтүлбөгөн жыйынтыктар чыгат» - 26 студент же бардык катышуучулардын 43%ы.

в) «Тестирлөө айрым предметтер үчүн жарайт, башкаларга жарабайт» - 18 студент же бардык катышуучулардын 30%ы.

**«Тестирлөөнүн кандай формасын жакшы деп ойлойсуз?»** деген суроонун жооптору төмөнкүдөй болду:

а) «Компьютердик тестирлөө (Эбилим, google форма ж.б.) ыңгайлуу» - 36 студент же бардык катышуучулардын 60%ы.

б) «Бланкалык тестирлөө ыңгайлуу» - 14 студент же бардык катышуучулардын 23%ы.

в) «Аралаш тестирлөө ыңгайлуу» - 10 студент же бардык катышуучулардын 17%ы.

**«Азыркы учурдагы тесттердин сапатын кандай баалайсыз?»** деген суроонун жооптору төмөнкүдөй болду:

а) «Тесттердин сапаты жакшы, студенттин билимин так аныктап бере алат» - 17 студент же бардык катышуучулардын 28%ы.

б) «Азыркы учурдагы тесттердин сапаты орточо, тесттин натыйжасына ишениш кыйын» - 39 студент же бардык катышуучулардын 65%ы.

в) «Азыркы учурдагы тесттердин сапаты начар, тестке ишенбей эле койгон туура» - 4 студент же бардык катышуучулардын 7%ы.

**«Сиздин оюңузча тестирлөө менен оозеки экзамендин кайсынысы натыйжалуу?»** деген суроонун жооптору төмөнкүдөй болду:

а) «Тестирлөөгө караганда оозеки экзамен жакшы» - 26 студент же бардык катышуучулардын 43%ы.

б) «Оозеки экзаменге караганда тестирлөө жакшы» - 19 студент же бардык катышуучулардын 32%ы.

в) «Сабактын түрүнө карата тестирлөөнү же оозеки экзаменди колдонууга болот» - 15 студент же бардык катышуучулардын 25%ы.

**«Тесттин сапатын кантип жакшыртууга болот деп ойлойсуз?»** деген анкетанын акыркы суроосунун жооптору төмөнкүдөй бөлүндү:

а) «Тесттер атайын адистер тарабынан, жакшылап ойлонуп иштелип чыгууга тийиш» - 26 студент же бардык катышуучулардын 43%ы.

б) «Тесттерди ар бир окутуучу шашпастан, көп убакыт жумшап түзүүгө тийиш» - 24 студент же бардык катышуучулардын 40%ы.

в) «Мен бул жөнүндө сунуш айта албайм» - 10 студент же бардык катышуучулардын 17%ы.

Ошентип, социологиялык сурамжылоо төмөнкүдөй негизги тыянактарды чыгарууга негиз болду:

1. Студенттер өз алдынча иштин маанисин түшүнүшөт, ага позитивдүү мамиле кылышат. Өз алдынча иштин максатына жетишине эң чоң тоскоол болгон плагиатчылыкка, интернеттен түздөн-түз көчүрүүлөргө студенттер терс мамиле кылышат.

2. Студенттик өз алдынча иштин уюштурулушу, сапаты боюнча чечиле элек көйгөйлөр бар экенин студенттер түшүнүшөт.

3. Өз алдынча иштин сапатын жогорулатуунун негизги жолу катары студенттер өз алдынча ишти аткарууга карата ички мотивацияны жогорулатууну сунуш кылышат.

4. Ал эми тестирлөө технологиясына жана тестке карата студенттердин мамилеси позитивдүү эмес. Алар тесттин натыйжалуулугуна, жарамдуулугуна ишенишпейт, тесттердин сапатын орточо деп баалашат.

5. Студенттер тесттердин сапатын жогорулатуу үчүн тестти иштеп чыгууга карата подходду өзгөртүү зарыл деп сунушташат.

6. Ошол эле учурда студенттер тесттин эң ишенимдүү формасы катары НМУда активдүү колдонулган борборлоштурулган компьютердик тестин эсептешет. Бул позитивдүү мамилени андан ары өнүктүрүп, Эбилим, google форма жана башка компьютердик тесттеринин сапатын, ишенимдүүлүгүн андан ары жогорулатуу зарыл.

Студенттик өз алдынча ишти уюштуруунун, анын сапатын жогорулатуунун маселелерин, тесттерди иштеп чыгуу жана окуу процессинде колдонуунун маселелерин толук карап чыгууга бул изилдөөнүн көлөмү жана деңгээли мүмкүндүк бербейт. Келечекте бул маселелер боюнча дагы көптөгөн олуттуу жана терең изилдөөлөр жүргүзүлөт деп терең ишенебиз.

**Адабияттар:**

1. Архангельский С.И. Учебный процесс в высшей школе, его закономерные основы и методы. - М.: Высшая школа, 1980.

2. Гутман И.И. О применении тестовой методики для оценки знаний учащихся. В кн.: Методы и критерии оценки и знаний, умений и навыков учащихся при программированном обучении. Под ред В.П. Беспалько. М.1969.

3. Иоганзен Б.Г. Научная организация самостоятельной работы студентов. - Томск: Изд-во Томского ун-та, 1970.

4. Калдыбаев С. Тестти окутуу процессинде колдонуунун теориялык жана практикалык маселелери. Бишкек., 2003.